дайыма ажыратылып жазылса, өзбек тилинде биригип да, ажыратылып да жазыла берери белгилүү болду.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / И.Абдувалиев. - Бишкек: Окуу басылмасы, 2008. – 284 б.
2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / 1,2-бөлүк. – Бишкек: Салам, 2016.- Б.1 - 799.
3. **Магрупов, З.М.** Узбек тилинин изохли лугати I-II том. [Текст] / З.М. Магрупов. - М.: Русский язык, 1981.- Б. 1 - 717.
4. Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология [Текст] / Коллективдүү эмгек.- Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1964.- Б. 194 - 207.
5. **Давлетов, С.** Азыркы кыргыз тили: морфология [Текст] / С.Давлетов, С.Кудайбергенов. - Ф.: Илим, 1980. - Б. 140 - 152.
6. **Абдулдаев, Э.** Кыргыз тили. Techинституттардын педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби [Текст] / Э. Абдулдаев, С. Давлетов, ж.б. - Ф.: Мектеп, 1986. – Б. 176 - 178.
7. **Кудайбергенов, С.** Кыргыз тилиндеги этиштин жасалышы [Текст] / С. Кудайбергенов.- Ф.: Мектеп – 1979. - Б. 5 - 7.
8. **Сапаев, К.** Хозирги узбек тили. Морфемика, суз ясалиши ва морфология [Текст] / К.Сапаев.- Тошкент: ТДПУ Ризограф. - Б.151-188.
9. **Хожиев, А.** Узбек тили морфологиясы, морфемикаси ва сўз ясалишининг назарий масалалари [Текст] / А.Хожиев.-Ташкент: Фан, 2010. – Б.180 - 185.
10. **Пазилова, Т.Ж.** Тектеш жана тектеш эмес тилдердеги этиштердин көптүк саны [Текст] / Т.Ж.Пазилова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2020.- №2(68).- Б. 74 - 78.
11. **Заирова, А.Р.** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги жардамчы этиштер [Текст] / А.Р.Заирова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2019.- №3(66).- Б. 81-85.
12. **Заирова, А.Р.** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги учур чакты уюштуруучу жардамчы этиштер [Текст] / А.Р.Заирова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2021.- №1(70).- Б.78-84.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_109

Поступила в редакцию 12. 10. 2021 г.

**УДК 81:1:316.276(575.2)(04)**

***Матикеева А.К.***

*ст. преп. Кыргызского национ. универ. им. Ж. Баласагына, Кыргызская Республика*

# КОГНИТИВДИК ТИЛ ИЛИМИНИН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ ТИЛДИН РОЛУ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары дүйнө кабыл алууда тил, ойлоо жана менталдык процесстердин тыгыз байланыштуулугу каралды. Изилдөөнүн максаты - инсандын таанып билүү ишмердүүлүгүндөгү тилдин ролун аныктоо, кээ бир лингвистикалык изилдөөлөрдөгү тил жөнүндөгү көз караштарга түшүндүрмө берүү. Изилдөөнүн негизги усулу катары когнитивдик илимдин жаңы багыты болгон когнитивдик тил илими боюнча изилдөөлөргө жана тил менен ой жүгүртүүнүн татаал мамилелерине илимий-теориялык талдоо жүргүзүү болуп саналат. Макалада когнитивдик тил илиминин өнүгүүсүнө олуттуу салым кошкон окумуштуулардын илимий эмгектери жөнүндө кыскача маалымат берилген. Изилдөөнүн жыйынтыгында, тилдин маалыматты түзүүчү, иштеп чыгаруучу каражат катары адамдын физиологиялык абалынан көз карандылыгы аныкталган. Когнитивдик тил илими адамдын аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, дүйнө туюмун,ой корутундуларын, адамзаттын калыптанып калган маданий, улуттук жана руханий баалуулуктарын, барлык менен байланышкан өзгөчө психикалык процесстерди ар тараптуу изилдөөчү илимий багыт катары тастыкталган.*

***Негизги сөздөр:*** *когнитивдик тил илими;дүйнө таануу; ой жүгүртүү; психикалык процесс; таанып билүү ишмердүүлүгү; когниция; антрополингвистика; ички модель.*

# РОЛЬ ЯЗЫКА В РАЗВИТИИ КОГНИТИВНОЙ ЛИНГВИСТИКИ

*Предмет исследования в данной работе - тесная связь языка, мышления и ментальных процессов при восприятии мира. Цель исследования - проанализировать роль языка в познавательной деятельности личности, дать разъяснение некоторым лингвистическим взглядам о языке. Основным методом исследования является проведение научно-теоретического анализа исследований ученых по когнитивной лингвистике и сложных отношений языка и мышления. В статье дана краткая информация о научных работах ученых, внесших значительный вклад в развитие когнитивной лингвистики. В результате исследования был определен, что язык как средство сбора и обработки информации зависит от физиологического состояния человека. Подтверждено, что когнитивная лингвистика как научное направление всесторонне изучает сознание, мышление , мировосприятие, умозаключения человека, культурные, национальные и духовные ценности человечества, особенно психические процессы, связанные с действительностью.*

***Ключевые слова:*** *когнитивная лингвистика; познание мира; мышление; психический процесс; познавательная деятельность; когниция; антрополингвистика; внутренняя модель.*

# THE ROLE OF THE LANGUAGE IN THE DEVELOPMENT OF COGNITIVE LINGUISTICS

*The subject of research in this article is the close connection between language, thinking and mental processes in the perception of the world. The purpose of the study is to analyze the role of language in the cognitive activity of an individual, to provide an explanation of some linguistic views in language. The main research method is to conduct a scientific and theoretical analysis of research scientists in cognitive linguistics and complex relations between language and thinking. The article provides brief information on scientific research that has made a significant contribution to the development of cognitive linguistics. The findings of the results declare that language is a to ol to collect and analyze information and depends on the physiological condition of the human. As an independent scientific direction, cognitive linguistics provides a comprehensive analysis of the humanmind, thinking, perception of the world, and inferences and cultural, national and moral values of humanity. The interdependency of cognitive language with psychological processes to reflect reality is discussed.*

***Key words***: *cognitive linguistics; perception of the world; thinking; mental process cognitive activity; anthropolinguistics; internal model.*

Азыркы учурда адамдын изилдөө ой-чабыттары өнүгүп, дүйнөгө болгон көз караштын мейкиндиги кеңейип, коом менен илимдин шайкеш өнүгүүсү мыйзам ченемдүүлүккө айланды. Бул процесс тил илиминде да кеңири чагылдырылып, илимий-теориялык жактан анализ жүргүзүлүп келет.

Аалам пайда болгондо, тил да жаралып, дүйнөнүн адам тарабынан таануулусунда, өз ара пикир алышып, ички ой-сезимдерди билгизүүдө тил-эң негизги курал экендиги илимде далилденген. Белгилүү немец окумуштуусу В.Ф. Гумбольдт тилди үзгүлтүксүз чыгармачыл ишмердүүлүк катары карап, баарлашуунун өзөгүн түзгөн ой-сезимдерди тилдеги сырткы көрүнүш эмес, тилдин бөлүнбөс бөлүгү катары мындай деп белгилеген: “ Ой тилге карата кандайдыр бир сырткы нерсе катары эмес, тилдин бөлүнбөс бөлүгү. Ой тил менен бирдикте чогуу өскөн жана андан бөлүнө албайт. Көрүп тургандай, ал белгиленбеген ички ой” [1].

В.Д. Аракин айткандай, ”тил адам баласынын баарлашуусунун, ой -пикир алмашуусунун эң негизги жана таң калаарлык кемчиликсиз каражаты катары түрдүү жана татаал кызматты аткара алат, анткени ал ийкемдүү жана ошол эле мезгилде абдан жакшы уюштурулган тутум” [2]. Демек, окумуштуу тилди материалдык субстанциядан жана анын ички түзүлүшү чексиз элементтерди камтыган, кызматы баарлашуунун натыйжасында

калыптанган система катары аныктаган. Ошондуктан адамдын маалыматты кабыл алуусу, айтылган ойду түшүнүп аңдоосу,ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымынын калыптануусу “чексиз элементтер” кызматынын натыйжасында тил аркылуу түшүндүрүлө тургандыгы илимде тактыкка ээ. Ошол эле мезгилде ой жүгүртүү, маалыматты кабыл алуу, аны моделдештирүү адамдын физиологиялык абалынан көз каранды экендигин белгилөө шарт. Тил адам баласынын сырткы чындыкты кабыл алып, болуп жаткан көрүнүштөргө таасирленишине көмөк көргөзгөн руханий дүйнөнүн ички моделин түзөт. XX кылымдын экинчи жарымында адамдын аң-сезими, дүйнө жана жашоо жөнүндөгү ой-толгоосу, тил менен адабияттын, тил менен үрп-адаттардын, дүйнө сүрөтүн кабыл алуу проблемаларын таанып билүү процессин чагылдырган когнитивдик лингвистика, же когнитивдик тил илими пайда болгон. Ал эми когнитивдик тил илиминин негизин когнитивдик илим түзөт.

Белгилүү болгондой, когнитивдик илимдин башатын XIX –XX кылымдарда И.М.Сеченов ( 1829- 1905), И.П. Павлов ( 1849-1936), Пьер-Поль Брок (1824-1880), Карл Вернике (1848-1905), Карл Лешли ( 1890-1958) сыяктуу окумуштуулардын медицина жана психологияда адамдын ойлоо жана таанып билүү мүмкүнчүлүгүн изилдөөлөрү түзгөн. Нейрофизиологиянын негизинде - нейролингвистика, психологиянын базасында когнитивдик психология жана гештальт - психология калыптанган. Тил ишмердүүлүгү адамдын мээсинде пайда болуп, мээ кыртышынын ар бир бөлүгү кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө өзүнчө жооп берет деген көз караш Л.С. Выготскийдин (1896-1934) “Мышление и речь”(1934), А.Р.Луриянын (1902-1977), “Мозг и психические процессы” (1966), ”Основы нейропсихологии”(1976), ”Язык и сознание” (1979) ж.б. эмгектеринде аныкталган.

Тарыхка кайрылсак, ”байыркы заманда бирдиктүү дифференцияланбаган илим болгон, бардык табигый илимдердин жана илимий билимдин негизи философияга кирген” [3]. Ал эми философиянын негизги бөлүмдөрү башка илимий билимдер (логика, психология, медицина, таанып билүү теориясы, лингвистика) менен биргеликте изилденип, ойлордун философиялык-лингвистикалык чабытынын стилистикалык таасирине кабылгандыгы маалым. Ошондуктан изилдөөлөрдүн башаты Байыркы Греция жана Борбордук Азия, Кытай, Чыгыш окумуштууларынын (Аристотель “Категории”; Платон“Кратил”, ”Теэтет”, Софист” диалогдору; Абу Али ибн Сина “Книга исцеления”, “Логика”; Абу Наср аль-Фараби” Трактат о разуме”; Конфуций “Вечная мудрость”, ”Лунь юй” ( Беседы и суждения) ж.б. ). эмгектеринде да орун алган. “Эрте мезгилдеги” (Аристотель, И.Кант, Ж.Ж.Руссо ж.б.) тилдин философиясынын негизги проблемаларынын бири ойлоо түзүмүн жана ой жүгүртүүнүн психологиялык жараянынын чектелишинде болуп, ортосундагы байланыштын жоктугу, ар бир процессти бөлүп кароого алып келген. Кайра жаралуу доорундагы философтор, теологдор “ билим мээ кыртышында жайгашкан” деген көз караштарды билгизген. XVIII кылымдабритан эмпириктери Беркли, Юм, кийинчерээк Джеймс Милль жана анын уулу Джон Стюарт Милль ички репрезентациянын үч түрүн болжолдошкон. Алар: 1)сенсордук кабыл алуу чындык ; 2) элестетүүнүн бүдөмүк көчүрмөсү эс тутумда сакталат; 3) бүдөмүк көчүрмөнүн жаңылануусу, б.а. ассоциативдик ой жүгүртүү.

XIX кылымдын алгачкы психологдору Густав Фекнер, Франц Брентано, Германи Гельмголац, Вильгелм Вундт, Дж.Е.Мюллер, Освальд Кюльпе, Германи Эббингауз, Френсис Гальтон, Эдвард Титченер жана Уильям Джемстин эмпирикалык билимдин

калыптанышы жөнүндөгү эмгектери психологиянын жаңы багыт катары философиядан бөлүнүп чыгуусуна түрткү болгон.

Когнитивдик илим өз алдынча илимий багыт катары XX кылымдын 40-жылдарында Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Европада, тактап айтканда, АКШда калыптанган. Себеби АКШ өнүккөн ири держава болгондуктан, маалыматтарды кайра иштеп чыгууда, саясий чөйрөдө ар кандай стратегиялык чечимдерди кабыл алууда баарлашуу процессинин эффективдүүлүгүн арттыруу максатында жүргүзүлгөн түрдүү багыттагы илимий изилдөөлөрдү каржылаган. Тилдин негизги принциптери менен тыгыз байланышта болгон когнитивдик процесстердиалгачкы жолуамерикалык окумуштуулар Миллер Джоржд Армитаж, Дж.Бруннер изилдешкен. Дж.Бруннер 1940-жылдардагы эмгектеринде "ойлоону түшүнүктүн калыптануу процесси катары тилден көз каранды" деп белгилеген. 1956-жылы Массачусет технологиялык институтунда маалымат теориясы боюнча эл аралык симпозиум уюштурулуп, Ноама Хомски, Джерома Бруннер, Аллена Ньюэлла, Герберт Саймон, Джорджа Миллер сыяктуу окумуштуулар когнитивдик процесстер, алардын негизи жөнүндө лекция окушкан. Ноама Хомскинин "Логическая структура лингвистической теории" ( "Logical structure of linguistic theory", 1955 ) аттуу эмгегинде биологиялык жана когнитивдик жөндөмдүүлүк кабыл алынбаса да, ...... тил өздөштүрүүнүн механизми катары адамдын психикасынын ички түзүлүшүн камтып, ойду интерпретациялайт деген көз караш белгиленип, ал эми "Синтаксические структуры" ("Syntactic structures", 1957) эмгегинде лингвистика менен когнитивдик психологиянын тыгыз байланыштыгы аныкталган. Изилденген лингвистикалык теориялар дүйнө жүзүндөгү тил илиминдеги илимий парадигмалардын калыптанышына таасир этип, "хомскийлик революция" деген жаңы түшүнүк пайда болгон. 1960-жылы Дж.Бруннер менен Дж.Миллер тарабынан Гарвард университетинде когнитивдик изилдөөлөрдүн алгачкы борбору уюштурулган. Алардын компьютердик программалоо, маалымат теориясы жана статистикалык ыкмаларды колдонуу менен ойлоо, ой жүгүртүү, эске тутуу, кабылдоо процесстери "адам маалыматты укканда иштеп чыгып, тил аркылуу кабыл алынат" деп аныкталган илимий концепциялары "когнитивдик революция" деп аталган.

Когнитивдик илимдин негизин *когнитивизм, когниция, когнитивдик процесс* деген түшүнүктөр түзөөрүн В.А.Маслова төмөнкүдөй белгилейт: "*когнитивизм*-бул адамдын аң-сезимин,ойлоосун жана өз ара байланыштагы менталдык процесстерди объект катары изилдеген илимдин багыты" [4]. Демек, когнитивизм - адам ишмердүүлүгүнүн жүргүзүлүшүндөгү билим,таанып билүү, дүйнөнү кабыл алуу жөнүндөгү илим.

*Когнитивдик процесс* (латын тилинде "coqnitiveprocess") психологияда " биз айлана – чөйрөдөн кабыл алган, трансформациялаган маалыматты сактоо жолу, башка сөз менен алганда, дүйнөнү таанып, түшүндүрүү үчүн биз колдонгон жогорку психикалык процесстер" [5]. Аталган процесс түздөн-түз адамдын аң-сезимин, таанып билүү ишмердүүлүгүн жана дүйнө таануу мүмкүнчүлүгүн, эс тутумун бирдикте камтыйт. Ал эми *когниция* - адамдын материалисттик дүйнө таанымын, ой жүгүртүүсүн жана маалыматты кабыл алуу системасынын кызматын тил аркылуу гана түшүндүргөн негизги илимий түшүнүк. Белгилей кетчү жагдай, азыркы когнитивдик изилдөөлөр нейрофизиология, когнитивдик психология (гештальт-психология), когнитивдик нейроилим, философия, психолингвистика, компьютердик лингвистика, жасалма

интеллект, антрополилингвистика сыяктуу бир нече илимий багыттарды камтыган интертармактуу мүнөзгө ээ.

Когнитивдик илимде тил таанып билүүнүн негизги куралы катары ойдун калыптануусун камтып, адам маалыматты кабыл алып, иштеп чыгып, объектке толук кандуу жеткирүүсүндө негизги роль ойнойт. Аныкталган когнитивдик теориялар Дж. Лакофф жана Г. Томпсондун " Представляем когнитивную грамматику" (1975), Р.Лангакердин 2 томдон турган "Основы когнитивной грамматики" (1987, 1991) аттуу эмгектеринде чагылдырылып, негизин "тил жөндөмдүүлүгүн түзгөн психологиялык түзүлүштөрдү мүнөздөө" (Langacer, 1988а: 127-131) тилдик жана когнитивдик механизмдер уюштуруунун бардык баскычтарында байкалган "бирдиктүү жөндөмдүүлүк менен байланыштуулук" теориясы түзгөн. Ал эми Европада Ф.Унгерер жана Х.Шмидттин "Введение в когнитивную лингвистику"(1996), Б.Хайненин "Когнитивные основания грамматики"(1997) деп аталган окуу китептери басылып чыккан.

XX кылымдын 80-жылдарынан баштап когнитивдик лингвистика тил илиминин жаңы багыты катары советтик-орус окумуштууларынын кызыгуусунан да четте калган эмес. Е.С.Кубрякова, И.Я.Стернин, Ю.С. Степанов, В.З.Демьянков, В.Н. Телия, Н.Ф.Алефиренко Г.Д.Гачев, Н.Д.Арутюнова, А.П. Бабушкин, Н.Н.Болдырев, В.А.Маслова, М.В.Пименова ж.б. лингвисттерге фундаменталдуу эмгектер таандык. Алар изилдөөлөрүндө тилдин өнүгүшүндө «адамдык фактор» негизги орунда туруп, когнитивдик лингвистика өз алдынча өнүкпөй, философия, когнитивдик психология,социология, культурология, этнолингвистика, социолингвистика илимдери менен тыгыз байланышта бири- бирин толуктап тураарын далилдешкен. Жаңы багыттын илим катары калыптанышы, когнитивдик лингвистиканын объектисин түзгөн, дүйнөнүн тилдик сүрөттөмөсүнүн өзөгү болгон концепттин түзүмдөрү, аны изилдөө методологиясы, толук маалыматка ээ эмес жаңы тенденциялар окумуштуулардын көңүлүн бурган.

Кыргыз Республикасынын аймагында да тил илими дүйнөлүк илимдин өнүгүү багытынан артта калбай, прогрессивдүү ой-пикирлерге ээ болууда. Когнитивдик лингвистиканын проблемаларын изилдеген К.З.Зулпукаров, М.Дж.Тагаев, З.К.Дербишева, М.И.Лазариди, Л.И. Дрофа, М.Е.Дарбанов, У.Ж.Камбаралиева, Б.Ш.Усубалиев, Г.А.Мадмарова ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде илимий концепциялар иштелип чыгууда.

Демек, когнитивдик тил илими адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымы, адамзаттын кылымдар бою тил аркылуу калыптанып калган маданий, материалдык жана руханий байлыктары, барлык менен байланышкан өзгөчө менталдык, психикалык процесстерин ар тараптуу изилдөөчү илимий багыт. Бул багытта дүйнө көрүмдүн негизги объекти болгон адам жана дүйнө ара катнаш проблемасы, адамдын ички руханий дүйнөсүнүн мүнөзү, жашоо маңызы, адамга дүйнөнү- элестик- образдуу көрүп, кабыл алдыртып, дүйнө таануу түшүнүгүнүн сүрөттөмөсүн чагылдыруу негизги маселе болуп эсептелет. Ошондуктан когнитивдик лингвистика антрополингвистиканын багыты катары (грек тилинде" anthropos"-***адам***, француз тилинде "linguistigue" / латын тилинде lingua-тил) коомдогу тилдин өнүгүшүн жана колдонулушун изилдейт.Тил дүйнөнүн ички моделин түзүүдө негизги ролду ойногон курал болуп,чындыкты кабыл алууда маанилүү. Адамдардын аң- сезими жаныбарлардын аң- сезиминен өзгөчөлөнүп, маалымат мейкиндигин камсыздоочу сөз жана бүткөн бир ойду билгизүүчү сөз айкаштарынан

түзүлгөн сүйлөмдөрдөн турган өзгөчө касиетке ээ. Бул ойлорго нейро-лингвист Роберт Дилтс: «Слова являются базовым инструментом человеческого сознания и, будучи таковыми, наделены особой силой» [6]- деп аныктама берсе, психиатр Зигмунд Фрейд - “слова и магия изначально были едины. И даже в наши дни большая часть магической силы слов не утрачена. С помощью слов человек может подарить другому величайшее счастье или ввергнуть его в отчаяние; с помощью слов учитель передает ученику свои знания; с помощью слов оратор увлекает за собой аудиторию и предопределяет ее суждения, и решения. Слова вызывают эмоции и в целом являются средством, с помощью которого мы оказываем влияние на наших ближних» - деген пикирди билгизген [7].

У.Ж. Камбаралиеванын пикири боюнча, “когнитивдик тил илими аң-сезимди тилдин материалында изилдейт, ал эми башка когнитивдик илимдер өз материалында изилдешет; когнитивдик тил илими когнитивдик процесстерди изилдейт, адамдын ан-сезиминдеги менталдык репрезентациялардын типтери тууралуу жыйнтыктарды чыгарат” [8].

Изилдөөлөргө ылайык, тил дүйнө таанууну чар жайыт эмес, кандайдыр бир топтолгон, тыгыз байланыштагы ой-тизимдердин жыйынтыгын билдирүүчү кызматты аткарган, адамдын ой жүгүртүүсүн, аң-сезимди коштогон толук кандуу баарлашуу куралы. Дүйнө таануу адамдын аң сезими, анын руханий дүйнөсүнүн өзгөрүүгө умтулуусу, өнүгүшү, эс тутуму, кабыл алуусу менен тыгыз байланышта болуп, тил аркылуу чагылдырылганы айкын.

## Жыйынтык

Когнитивдик илим, анын ичинде когнитивдик тил илими мындан кийин да бардык гуманитардык билимдердин борборунда болуп, адамдын дүйнөгө болгон көз карашы, жаратылыш кубулуштарын таанып билүүсү, идеалисттик жана материалисттик маанидеги концепцияларды жаратып, бир катар илимий көз караштар менен гана чектелбестен, дүйнөлүк илим казынасын баалуу илимий табылгалары менен байытып, так жана табият таануу илимдери тарабынан да лингвокогнитивдик изилдөөлөрдүн негизинде жаңы багыттарын жана методикасын толук иштеп чыгуу зарылчылыгы көрсөтүлдү.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Гумбольдт, В.Ф.** Избранные труды по языкознанию [Текст] / В.Фон Гумбольдт. - Москва, 1984. – 397 с.
2. **Аракин, В.Д.** Сравнительная типология английского и русского языков [Текст]: учеб. пособ. для студентов пед.ин-тов по специальности №2103, ”Иностранные языки” / В.Д. Аракин. - Л.: Просвещение, 1979. - 259 с.
3. **Кедров, Б.М.** Классификация наук [Текст] / Б.М. Кедров. - М.: ВПШ и АОН при ЦК КПСС, 1961. - 472 с.
4. **Маслова, В.А.** Введение в когнитивную лингвистику [Текст]: учеб. пособие / В.А.Маслова.- М.: Флинта. Наука, 2011. - 296с.
5. **Мещеряков, Б.Г.** Большой психологический словарь [Текст] / Б.Г. Мещеряков, В.П. Зинченко. М.: ОЛМА –ПРЕСС Инвест. - 672 с.
6. **Дилтс, Р.** Фокусы языка. Изменение убеждений с помощью НЛП / Пер. с англ. [Текст] / Р.Дилтс. -СПб:Питер, 2009. - 320 с.
7. **Фрейд, З.** Введение в психоанализ: Лекции [Текст] / З.Фрейд. - М.: Наука, 1989. -319 с.
8. **Камбаралиева, У.Ж.** Когнитивдик тил илими [Текст] / У.Ж. Камбаралиева. – Бишкек, 2019. -324 с.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_113

Поступила в редакцию 16. 11. 2021 г.